*УДК 811.581:398.91*

***Туратбекова К.Т.,***
*К.Карасаев атындагы БГУнун окутуучусу*
*turatbekova kymbat@mail.ru*

# КЫТАЙ ТИЛИНИН ТУРУКТУУ АЙКАЛЫШТАРЫНДАГЫ АЯЛДЫН ОБРАЗЫ

# ОБРАЗ ЖЕНЩИНЫ В УСТОЙЧИВЫХ СОЧЕТАНИЯХ КИТАЙСКОГО ЯЗЫКА

# IMAGE OF THE WOMAN IN STEADY COMBINATIONS OF CHINES LANGUAGE

***Аннотация:*** *Бул макалада "Кытай тилинин туруктуу айкалыштарындагы аялдын образы каралат. Тилдеги эмоционалдуулукту көрсөтүү тил системасынын бардык деңгээлдеринде байкала турган "адамдын тилде" көрсөтүлүшүнүн эң олуттуу аспекттеринин бири болуп эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кытай тили, макалдар, фразеология, туруктуу айкалыш.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматривается «Образ женщины в устойчивых сочетаниях китайского языка». Выражение эмоциональности в языке является одним из самых существенных аспектов представленности «человека в языке», наблюдаемой на всех уровнях языковой системы.*

***Ключевые слова:*** *Китайский язык, пословицы, фразеология, устойчивое сочетание.*

***Annotation:*** *These articles consider the «Image of woman in permanent combination with Chinese language». Expressing emotion in language is the most essential aspect of presentation of « person in language», observed in all levels of language system.*

***Key words:*** *Chinese language, proverbs, phrasal words, wordcombinations.*

Кытай тили азыркы учурдагы тилдердин ичинен эң байыркысы болуп эсептелет. Ошондой эле ал азыркы учурда колдонулуп жаткан жазуулардын ичинен эң байыркысы. Кытай тили көп жылдык тарыхка ээ. Бул мезгилдин ичинде эл так, таамай жана кооз деп тапкан жана элдин турмуш образын, анын улуттук психологиясын чагылдырган анда көптөгөн сөздөр чогулган. Туруктуу айкалыштарга фразеологиялык айкалыштар, макалдар жана лакапта, көндүм болгон сөздөр жана каймана –кыска сөздөр кирет, алар тилдин байлыгын жана көп түрдүүлүгүн айгинелеп турат. Ар бир доор жаңы көрүнүштөрдү пайда кылат, ошону менен жаңы түшүнүктөр пайда болот, тилге керектүү эмоционалдык түс берет. Туруктуу айкалыштар бир гана кытай тилинде эмес, башка дүйнөлүк тилдерде дагы эбегейсиз катмарды түзөт.

Курамы боюнча татаал тил бирдиктерин изилдеген, туруктуу мүнөзгө ээ өз бетинче мааниси бар, туруктуу сөздөрдүн фразеология-тутуму жана алардын түрлөрү жана алардын сөздөгү аракеттери. Сөзмө-сөз которулбай турган, түшүнүктүк кабыл алынуучу фразеологиялык сүйлөмдөр аркылуу тилдин эстетикалык аспекти күчөйт. Кытай тилинин фразеологизмдери – бул эч жерде болбогондой улуттук компонент камтылган өткөндүн мурасы. Бул жерде яшма, нефрит, ажыдаар, феникс сыяктуу кытайдын реалиялары, белгилүү кытай баатырлары ж.б. көрсөтүлгөн. Кытай тилинин фразеологиясы бардык тил стилдеринде жана айрыкча адабиятта- көркөм тилде кеңири берилген. Кытай фразеологизмдеринин тарыхы абдан байыркы, алар көптөгөн жүз жылдар бою кытай тилинде материалдык турмуштун жана кытай элининин руханий жашоосунун эң кеңири чөйрөлөрүн камтуу менен жашап келишет, алар кытай турмушунун реалияларын чагылдырышат, Кытайдын тарыхы, маданияты, этикасы жана эстетикасы жөнүндө көптөгөн маалыматтарды камтышат, маанилүү тааныштыруучу мааниге ээ болушат жана бизге өз формасын сактоо менен жеткен. Фразеологиялык бирдиктер коом тарабынан кабыл алынышкан, бардыгына тааныш жана кеңири колдонулушат.

Макалдар жана лакаптар – бул эл тарабынан түзүлгөн байыркы булактардан которулган же адабий чыгармалардан алынган таамай, так айтылыштар. Макал – бул элдик поэтикалык чыгармачылыктын кичи формасы, демейде тарбиялык маанидеги мүнөздө. Макалдар көп учурда насааттык мааниге ээ. Лакап – бул кеңири кабыл алынган, демейде өтмө метафоралык маанидеги, бирок макалдардан айырмаланып, толук сүйлөм болбогон, көп колдонулуучу айтылыштар. Макалдар жана лакаптар өзүнө муундар бою топтогон тажрыйбаны камтып жүрүшөт, ошондой эле

биздин тилди көркөмдөп, аны андан дагы коoздойт, өзүнө турмуштук байкоолорду, элдин коллективдүү тажрыйбасын, анын акылмандыгын көрсөтөт. Алар үчүн образдуулук, көркөмдүк, жөнөкөйлүк жана кыскалык, тактык жана жеткиликтүүлүк мүнөздүү.

Азыркы учурда кытайдын адабий тилиндеги ченемдерди кезектеги глобалдуу реформасы жүрүп жатат. Өзгөрүүлөр тилдин дээрлик бардык бөлүктөрүндө болуп өттү. Бирок, бул модификациялоолор сөздү колдонуу жана сөз айкаштарынын ченемдерине көбүрөөк байкалгандай таасир берди. Сөз түзүү, грамматикада гана эмес, оозеки тилде дагы жаңы туруктуу айтылыштарды түзүү кеңири таркады. Бул теманын чагылдырылышы туура сөз кылуу менен биринчи кезекте И.В.Войцеховичтин, М.Г.Прядохиндин жана кытай филологу Ma Guo Fanдын эмгектерин атоо зарыл. Алар кытай тилинин туруктуу чектерин изилдөөгө зор салым кошту. Алардын илимий эмгектери кытай тилин таануучу-филологдор үчүн методикалык колдонмо жана окуу китеби болуп калды. Макаланын бул темасы тил таануу жана методикалык көз караштан дагы чоң кызыкчылыкты туудурат. Кытай тилин үйрөнүүчүгө туруктуу айкалыштарды колдонууну кытай тилинин фразеологизмдери өз ара алмаштырылбай тургандыгы жана ситуативдүү кимге карата колдоно билүү эң зарыл экендиги көрүнүп турат. Жогоруда айтылгандан, бул макаланын “Кытай тилинин туруктуу айкалыштарындагы аялдын образы” деген темасы өзгөчө актуалдуу угулат [1].

Кытай тилинин туруктуу айкалыштарындагы аялдын образы ар кандай жагдайларда ар кандай колдонулат, оң жана терс маанилерге ээ. Кытай тилинин туруктуу бирдиктеринде аял Улуу эне, Улуу Кудай эне катары кабыл алынып, аял заты ай, жер жана суулар менен символдошот, анын инстинктивдик жөндөмдүүлүктөрү эркек затына байланышкан карама-каршы койуу катары рационалдуу тартипти көрсөтөт. Бул өтө татаал символика, анткени Улуу Эне бейпилдикти берүүчү жана коргоочу же каардуу жана талкалоолорду алып келүүчү катары болушу мүмкүн. Ала таза руханий алып жүрүүчү, жана сирена же азгырыкчы; Асман Падышасы; жогорку акылмандык же эң ашынган акылсыздык- аны табиятынын эң татаалдыгы. Мисалы: Нюйва кудай аял тарабынан асманды оңдоо, Асман кызы гүл менен жаадырып жатат; бактылуулукту олуялык менен каалоо. Ата-эненин жардамына таянбастан өзүн - өзү камсыз кылган кыз тууралуу образдуу айтылыш [2, 455-б.].

Аялды бардыгы, айга, кабыл алуучу, коргоочу, азыктандыруучу, ошондой эле сууга, кемеге, үлүлгө, балыкка, берметке тиешеси бардыгы символдоштурушат [3, 102-б.]. Жарым ай айдын жарыгын чагылдырат, жылдыз –бул анын негизги атрибуттары. Кытай символикасында ал - инь, индуизм менен буддизмде бул - Шакти же Пракрита. Индия искусствосунда сулуу аял Майянын, Улуу Эненин кутмандуу пайда болушун билдирет, ошол эле учурда Кара Кали же –Дур –га тескерисинчени символдоштурат. Христиан искусствосунда чиркөө, Христтин колуктусу крест же потирди кармап турган же таажы кийген аял катары көрсөтүлөт. Вуаль менен жабылган же көздөрү таңылган аял европалык синагоганы символдоштурат. Туруктуу бирдиктерде аялдардын фигуралары наркты, кадыр-баркты, ошондой эле жыл мезгилдери сыяктуу колдонулган. Аял затына тиешелүү болгон ар кандай көптөгөн бирдиктер бар, кыздарга, аялга, энеге, эжеге, чоң энеге карата колдонула турган туруктуу айкалыштар бар [4, 98 б.]. Жана ушунун ар биринде терең маани жатат.

***Адабияттар***


*1. www/ baidi.com*

*2. Аман Саспаев. Кытай – кыргыз сөздүгү.*

*3. Тан Аошуан. Китайская картина мира. Язык, культура, ментальность. М.: Языки славянской культуры, М., 2004.*

*4. Семенас А.Л. Лексикология современного китайского языка. М.: Наука, ГРВЛ,1992.*